**Кыргыз адабияты 11-класс 1-жарым жылдык**

**1. Чыңгыз Айтматовдун “Делбирим” повести канча баяндан турат жана алар кандайча аталышат?**
а) бир эле баяндан; Эч кандай өзгөчө деле атоо менен аталбайтб) эки баяндан; “Шофердун баяны”, “Жолчунун баяны”
в) эки баяндан; “Аселдин баяны”, “Шофердун баяны”г) эки баяндан; “Шофердун баяны”, “Журналисттин баяны”
д) үч баяндан; “Аселдин баяны”, “Журналисттин баяны”, “Жолоочунун баяны”
**2. Ч.Айтматовдун “Жамийла” повестинде күйөөсү Садык Жамийлага кантип үйлөнгөн эле?**
а) экөө сүйүшүп-күйүшүп жүрүп үйлөнүшкөн болчуб) Жамийланы Садыкка кудалап алып беришкен болчу
в) Садык балдар менен мелдеше кетип Жамийлага үйлөнгөн болчу
г) кыз куумай оюнунда жетпей калган Садык Жамийланы ала качып алган болчу
д) Жамийла өзү сөз айтып жүрүп Садыкка турмушка чыккан болучу
**3. Ч.Айтматовдун “Делбирим” повестинде Ат-Башы ГЭСи үчүн келген жүк салынган прицепти чиркештирип, Илияс кийин ашуудан өтө алдыбы?**
а) Жок өтө алган жок. Прицепти таштап салып качып кетти
б) Жок өтө алган жок, бирок прицеп менен ошол ашууда жолдоштору келгенче олтурду.
В) Прицеп сүйрөп жөнөгөн да жок. Автобазадан эч жакка чыкпады.
Г) ГЭСке келген жүктү прицеби жок тек гана машинеге эле жүктөп барды.
Д) Прицеби менен аман-эсен ашуудан өтүп, Ат-Башы ГЭСине алып барды.
**4. Эпилог деген сюжеттин кандай элементи болуп эсептелинет?**
а) окуянын өнүгүп жаткан чегиб) окуянын чиеленишип өнүгө баштаган учуру
в) негизги окуя баяндалып бүткөн соң, каармандардын кийинки тагдыры жөнүндө, же ошол окуянын кийинки айрым жыйынтыктары жөнүндө автордун баяндоосу
г) окуянын ортосунда берилүүчү автордук чегинүүд) окуянын жыйынтыкталып бүткөн учуру
**5. “Гүлсарат” повести үчүн Ч.Айтматов кайсы сыйлыкка татыктуу болгон?**
а) СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынаб) Лениндик сыйлыкка
в) Бүткүл союздук Ленин комсомолу сыйлыгынаг) Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгына
д) Кыргызстандын Ленин комсомолу сыйлыгына
**6. “Кылым карытар бир күн” романында окуя кайсы жерде өтөт?**
а) тоо койнундагы метеостанциядаб) алыс сапарда бараткан поезддин ичинде
в) бир колхоздун аймагындаг) казактын учу-кыйырсыз талаасындагы бекетте
д) көк деңиздин үстүндө барткан чоң кеменин ичинде
**7. Ч. Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романында эски жолчу Казангаптын көзү өткөндө сөөгүн эмне үчүн Борондуудан отуз километр алыстагы Эне-Бейитке койгону алып жөнөштү?**
а) тегеректе бейит жок элеб) Казангаптын уулу Сабитжан ушундай деген чечимге келди
в) Казангаптын керээзи ушундай элег) Казангаптын кызы Айзаада сөөктү ошол жакка коелу деди
д) Бул иш Эдигейдин чечими менен болду
**8. Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романында Эдигей менен келини Үкүбаланы Сары-Өзөккө, Борондуу бекетке алгач ким ээрчитип келди эле?**
а) Эдилбай Куркутб) разъездин дежурныйы Шаймерден
в) станциянын начальниги Оспанг) Казангап
д) Казангаптын баласы Сабитжан
**9. Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романында Паритет космонавт 1-2, Паритет космонавт 2-1 экөө Орбиталык паритет станциясын эмне үчүн таштап учуп кетишти?**
а) орбиталык станция бузулуп калгандыктанб) Ачык космоско чыга коебуз дешип кайра станцияга кире алышпай калышты
в)“Станцияны таштап чыгып кеткиле” деген буйрук болду Жерден
г) Башка планетадагы акыл-эстүү жандар менен бир жолугууга даяр же даяр эмес экенибизди аныктап билиш үчүн
д) өздөрү эле жерге кайтып келгилери келген жок
**10. Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романында Зарипа ким?**
а) Кум-Белдеги интернаттын музыка мугалимиб) Казангаптын алыска турмушка чыккан кызы
в) Абуталиптин аялы, кийин Борондуу Эдигей сүйүп калган келинг) Токой-Төш космодромунда иштеген оператор келин
д) Токой-Төш планетсынан келген космонавт аял
**11. Ч. Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романындагы Казангаптын уулу Сабитжан кандай образ?**
а) ак көңүл, кичи пейил адамб) берешен, жоомарт адам
в) атасынын сөөгүн Эне-Бейитке жеткирүү үчүн жан алакетке түшкөн күйүмдүү, боорукер бала
г) атасынын сөөгүн Эне-Бейитке эмес кай жерге койсо баары бир болгон азыркынын маңкурту
д) чык татырбас закым адам
**12. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы алгачкы роман?**
а) “Карагул ботом”б) “Ак жаан”в) “Кылым карытар бир күн”г) “Кыямат” д) “Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт”
**13. “Кыямат” романындагы Бостондун минген аты кайсы?**
а) Гүлсарыб) Донкулүкв) Чабдарг) Карагер
**14. “Жашагысы келип да, келбей да турду, жок болууга да, бар болууга кайыл болуп келатты”,-деген ой кимге таандык?**

а) Базарбайб) Көк Турсунв) Гүлүмканг) Бостон
**15. У.Абдукаимовдун “Майдан” романы кайсы мезгилдеги окуяны чагылдырат?**
а) Кокон бийлигинин учурундагы кыргын согуштардыб) Октябрь төңкөрүшүнүн учурундагы кандуу кагылыштарды
в) Басмачылар менен болгон күрөштүг) Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы турмушту
д) Тынчтык учурундагы эгин үчүн, пахта үчүн болгон күрөштү
**16. У. Абдукаимовдун дагы башка кандай чыгармаларын билесиңер?**
а) “Кыздын таалайы”(повесь), “Карындашыма”, “Суусамыр окуяларынан”(көлөмдүү очерк), аңгемелери, ырлары
б) “Жигиттин бактысы”(повесть), “Уулума”(повесть), “Каракол окуяларынан”(очерк, аңгемелери, ырлары)
в) “Уулумдун эркиндиги”(повесть), “Энеме”(повесть), “Чаткал окуяларынан” (очерк, аңгемелери, ырлары)
г) “Солдаттын таалайы”(повесть), “Атама”(повесть), “Тянь-Шань окуяларынан”(очерк, аңгемелери, ырлары)
д) “Айылдаштарымдын таалайы”(повесть), “Жеңеме”(повесть), “Чоң-Алай окуяларынан”(очерк)аңгемелери, ырлары
**17. У. Абдукаимов чебер котормочу катары кыргызчаланган чыгармалардын эң мыктылары кайсылар?**
а) А.С.Пушкин “Палтава”, Л.Н. Толстой “Согуш жана тынчтык”, А.М.Горький “Эне” ж.б
б) А.С.Пушкин “Алтын балык жана балыкчы жөнүндө жомок”, Н.В. Гоголь “Текшерүүчү”, А.А.Фадеев “ Жаш гвардия”, А.М. Горький “Көрүнгөндүн колунда” ж.б
в) А.С.Пушкин “Цыгандар”, Н.В. Гоголь “Өлүү жандар”, А.М.Горький “Эне” ж.б
г) А.С.Пушкин “Бахчисарай фонтаны”, Л.Н. Толстой “Анна Каренина”, А.Т. Твардовский “Мейкинден мейкинге” ж.б
д) А.С.Пушкин “Капитан кызы”, Л.Н. Толстой “Пейилдин оңолушу”, М.А.Шолохов “Бейпил дон”
**18. “Майдан” романынын баш каармандарынын бири Бермет ким жана кимдин сүйгөн кызы?**
а) Бермет саанчы кыз, Сарыгулдун сүгөнүб) Бермет токуучу кыз, Кадырдын сүйгөнү
в) Бермет үйдө эле жүргөң кыз, эч кимдин сүйгөнү эмесг) Бермет медсестра кыз, Качыкенин сүйгөнү
д) Бермет студент кыз, Кыдырбектин сүйгөнү
**19. “Сынган кылычка” чейин Т.Касымбеков тарыхый темадагы эмне деген чыгармасын жазган?**
а) тарыхый темада эч кандай чыгарма жазган эмесб) “Токтогул” деген тарыхый очерк жазган
в) “Керимбай болуш” деген тарыхый очерк жазганг) “Алымкан” деген тарыхый драмасын жазган
д) “Беш каман” деген тарыхый романын жазган
**20. “Сынган кылыч” романы кайсы мезгилдеги окуяларды баяндайт?**
а) Орхон-Энесай доорундагыб) Чыңгызхандын жортуулу учурундагы
в) Кокон хандыгынын учурундагыг) Октябрь төңкөрүшүнүн учурундагы
д) Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы
**21. Т. Касымбековдун“Сынган кылыч” романы кайсы окуяны сүрөттөөдөн башталат?**
а) Шералынын Кокон хандыгынын тактысына келип отурган окуяны сүрөттөө менен
б) Исхактын көтөрүлүшүн сүрөттөө менен
в) 1865-жылдагы Ташкен шаарына жакын жердеги генерал Черняевдин аскерлери менен Алымкул аталыктын атчандарынын ортосундагы зор кагылышты сүрөттөө менен
г) Абил бийдин турмушун чагылдыруу менend) Нүзүптүн курмандыкка чалынышын сүрөттөө менен
**22. “Сынган кылыч” романында нукура эпикалык баатырлардай мүнөздөлүп сүрөттөлгөн каарман ким жана аны ким эмне кылып өлтүрдү?**
а) Исках, аны Нүзүп суукa түртүп чөктүрүп өлтүрдү б) Бекназар, аны Абил бий уу берип өлтүрдү
в) Мусулманкул, аны Шералы зынданга салып өлтүрдү г) Кулкиши, аны Кудаярхан дарга асып өлтүрдү
д) Абдылдабек, аны Черняев атып өлтүрдү
**23. “Сынган кылыч” романында Абил бий кандай кейипкер?**
а) ордонун оош-кыйышын, саясатын ичкерден билип турган, ашкан куу, өз кызыкчылыгын баарынан жогору койгон митайым адам
б) жеткен ак көңүл в) колунан берекеси төгүлгөн жоомарт, берешен адам
г) эч нерсени элес албаган, маңыроо чалыш аңкоо адам д) кой оозунан чөп албаган жоош момун адам
**24. “Сынган кылыч” романында Нүзүп кандай адам катары көрсөтүлөт?**
а) эр көкүрөк, баатыр адам катары б) ала көөдөк жеңил адам катары
в) Кокон хандыгынын саясатын терең түшүнгөң, өз максатына ыраттуулук менен жеткен, акылкөй адам катары
г) жеткен арамза, ордонун ишин ичкерден ириткен адам катары д) ар качан досторуна кара санаган чыккынчы пенде катары
**25. “Сынган кылыч” романында эмне үчүн Нүзүп аталык Алтынбешиктер династиясынын акыркы өкүлү Шералини хан көтөргөндө тактысынын маңдайына Шералинин жаман чокоюн илип койду?**
а) Шералинин өткөн карыптык күнүн эске салып турсун, көптүрбөсүн, эсиртпесин деп
б) чокойду иле турган башка жер жоктугунан улам в) Шералинин өзүнүн каалоосуушундай болду
г) көпчүлүк эл чокойду хан отурган тактынын маңдайына илип коюу керектигин айтышкандыктан улам
д) Алтынбешик династиясынын эзелтен келе жаткан салт ушундай болгондуктан улам